**Кулдышев Аманбек Шерипбековичтин 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-укуктук маселелерин жөнгө салуу» темасындагы диссертациясына илимий жетекчинин**

## ПИКИРИ

Кулдышев Аманбек Шерипбекович окуусунун бардык учурунда жана кесиптик ишмердүүлүк мезгилинде ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин көйгөйлөрү боюнча илимий изилдөө ишин активдүү жүргүзүп келет. Илимий практикалык конференцияларга жана семинарларга катышат. Катарында республиканын чегинен сыртта жарыкка чыккан илимий макалалардын автору болуп эсептелет.

Илимий аспектиден алып караганда, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын коомдук укук тартиптерин сактоодогу иш-аракеттерине алгылыктуу реформаларды жүргүзүү проблемаларын изилдөөгө алуу алардын күндөлүк кызматтык иш-аракеттери менен тыгыз байланышкан. Бул планда КРнын ички иштер органдарынын иш-аракеттери кандай укуктук негиздерде курулгандыгын тереңдеп түшүнүү, ага туура баа берүү абдан маанилүү. Биз изилдөө үчүн колго алган маселелер жана тандап алган темабыздын актуалдуулугу укук тартиптерин сактоонун теориялык негиздерин, алардын мыйзамдык актыларда берилүүсүн, нормативдик укуктук актыларды иштеп чыгуудагы жана даярдоодогу Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ордун жана кызматын изилдөөгө алууга негизделди.

Көрсөтүлгөн диссертациясын аткарууда автор ак ниеттүү, аткаруучу жана көңүл коюучу жаш изилдөөчү катары көрсөтүп, максаттарын жана маселелерин так аныктап, алынган жыйынтыктарын терең ойлонуп жана талдап чыгып, изилдөөнүн зарыл болгон методдорун аныктаган жана колдонгон.

Диссертациялык изилдөө өз алдынча аяктаган илимий изилдөө ишин түзөт. Көрсөтүлгөн эмгекте биринчи жолу өз алдынча диссертациялык изилдөөнүн деңгээлинде автор тарабынан Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-укуктук маселелерин жөнгө салуу комплекстик изилденүүсү жүргүзүлгөн. Автор тарабынан көйгөйлөрдүн илимий иштелүүсүнүн абалынын мүнөзү берилген, анын

Сканировано с CamScanner

өнүгүүсүнүн абалынын жана тенденцияларынын комплекстик талдануусу жүргүзүлгөн, ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-укуктук маселелерин жөнгө салуу менен байланышкан суроолордун андан аркы жакшыртылуусуна багытталган теоретикалык негиздер жана практикалык сунуштамалар иштелип чыккан.

Ошондой эле автор тарабынан изилдөө жүргүзүүдө жетиштүү түрдө эмпирикалык базасын Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарына, алардын практикалык иш-аракеттерин жалпылоого тиешелүү аналитикалык жана статистикалык материалдар, кыргызстандык, жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк юрист-окумуштуулардын юридикалык багыттагы эмгектери, укуктук публицистикалар, маалымат берүүчү басылмалар жана ошондой эле КРнын ички иштер органдарына кызматкерлерине жүргүзүлгөн эксперттик сурамжылоонун алынган натыйжалары түздү.

Эмгек жакшы теоретикалык деңгээлде жазылган жана жетиштүү практикалык материалдарга ээ, мындай эмгектерге коюлган талаптарга жооп берет.

Жогорудагынын негизинде, Кулдышев Аманбек Шерипбековичтин 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-укуктук маселелерин жөнгө салуу» темасындагы диссертациясын диссертациялык кеңеште андан ары талкуулоо жана жактоо үчүн сунуштоону мүмкүн деп эсептеймин.

***КР ИИМдин Академиясынын***
***начальнигинин орун басары***
***юридика илимдеринин доктору, профессор*** ***Джоробекова А.М.***

***ю.и.д., профессор А.М. Джоробекованын колун тастыктаймын:***

К. Seit С. Касымалиева

Сканировано с CamScanner